# Жусуп



Published by the Comic Bible Society, LLC
Copyright © 2021

Kingstone Comics maintains copyright to this comic book as provided by United States copyright law.

Print and digital copies of this version may be freely distributed without penalty under a Creative Commons license.


ЖУСУП ӨСПҮРҮМ ЧАГЫНДА ӨЗҮНҮН БИР ТУУГАНДАРЫ МЕНЕН, АТАСЫНЫН АЯЛДАРЫНЫН УУЛДАРЫ МЕНЕН МАЛ КАЙТАРЧУ. ЖУСУП АТАСЫНА АЛАРДЫН ЖАМАН ИШТЕРИН ЖЕТКИРИП ТУРЧУ.
ЫСРАЙЫЛ ЖУСУПТУ БАШКА УУЛДАРЫНАН ӨЗГӨЧӨ ЖАКШЫ КӨРЧҮ, АНТКЕНИ АЛ АНЫН КАРЫГАНДА КӨРГӨН УУЛУ ЭЛЕ. ОШОН ҮЧҮН АГА КООЗ КИЙИМ ТИКТИРИП БЕРДИ.
КАРАСАҢ, КӨРДҮҢБҮ? АНЫН ӨЗГӨЧӨ КИЙИМИ БАР ЭКЕН!
АТАБЫЗДЫН СҮЙМӨНЧҮГҮ КИМ ЭКЕНИ БЕЛГИЛҮҮ ДА.
ОЙ, КЕЧИРИП КОЙЧУ! СЕНИН ТҮСТҮҮ КИЙИМИҢДИ БАЙКАБАЙ КАЛЫПТЫРМЫН.
АТАБЫЗДЫН КИЧИНЕКЕЙ БАЛАСЫН ҮЙРӨТҮП КОЕЛУЧУ.
АТАБЫЗДЫН КИЧИНЕКЕЙ БАЛАСЫН ҮЙРӨТҮП КОЕЛУЧУ.
БАШТАЛЫШ 37:1-5


"ТҮШҮМДӨ БИЗ ТАЛААДА БОО БАЙЛАП ЖҮРҮПТҮРБҮЗ, БИР МААЛДА МЕНИН БООМ ТИКЕСИНЕН ТУРУП КАЛДЫ. ОШОНДО СИЛЕРДИН БООЛОРУҢАР ТЕГЕРЕТЕ ТУРУП, МЕНИН БООМО ЖҮГҮНҮП, ТААЗИМ ЭТИШТИ".
КАНТИП ЭЛЕ СЕН БИЗДИ БИЙЛЕП КАЛАСЫҢ?
КАНТИП ЭЛЕ СЕН БИЗГЕ ПАДЫШАЛЫК КЫЛЫП КАЛАСЫҢ?
БИЗ ИШТЕП ЖАТСАК, СЕН УКТАП ЖҮРӨСҮҢ.
УКСАҢАР, МЕН ДАГЫ БИР ТҮШ КӨРДҮМ. ОШОЛ ТҮШҮМДҮ ДА СИЛЕРГЕ АЙТЫП БЕРЕЙИН.
"БҮГҮН МЕН ДАГЫ ТҮШ КӨРДҮМ. ТҮШҮМДӨ КҮН МЕНЕН АЙ ЖАНА ОН БИР ЖЫЛДЫЗ МАГА ЖҮГҮНҮП, ТААЗИМ КЫЛЫП ЖАТЫПТЫР".
"ЭМНЕ ДЕГЕН ТҮШ КӨРГӨНСҮҢ? КАНТИП ЭЛЕ МЕН ДА, АПАҢ ДА, БИР ТУУГАНДАРЫҢ ДА САГА КЕЛИП, ТААЗИМ КЫЛЫП КАЛАТ?"
УКТАГАНДАН БАШКАНЫ БИЛБЕЙТ ДЕП СЕНИН АТАҢА АЙТКАНБЫЗ.
БИР ТУУГАНДАРЫ ИЧИ КҮЙҮП АР КАЙСЫНЫ АЙТКАНЫНА КАРАБАСТАН, ЖУСУП АЛ ТҮШТӨРДҮН МААНИСИ ЖӨНҮНДӨ ОЙЛОНДУ.
БАШТАЛЫШ 37:6-11


БИР ТУУГАНДАРЫҢ ШЕКЕМДЕ МАЛ ЖАЙЫП ЖҮРУШӨТ. БАРЫП КЕЛЧИ, МЕН СЕНИ АЛАРГА ЖИБЕРЕЙИН.
МЫНА, ТҮШ КӨРГҮЧ КЕЛАТАТ.
ТҮСТҮҮ ТОТУ КУШТУН КЕБЕТЕСИН КАРАСАҢАР.
ЖҮРГҮЛӨ, АЗЫР БАРЫП, АНЫ ӨЛТҮРҮП, ЧУҢКУРГА ТАШТАП САЛАЛЫ, АТАБЫЗГА АНЫ ЖЫРТКЫЧ АЙБАН ЖЕП КЕТТИ ДЕП АЙТЫП КОЁБУЗ.
ЖОК, АНЫ ӨЛТҮРБӨЙ ЭЛЕ. ЧӨЛДӨГҮ КУДУККА ТАШТАП САЛАЛЫ.
АЛ БУЛ СӨЗДҮ ЖУСУПТУ АЛАРДЫН КОЛУНАН КУТКАРЫП, АТАСЫНА КАЙТАРЫШ ҮЧҮН АЙТТЫ.
ЭЙ, ЖУСУПТУ КУДУКТАН ЧЫГАРГЫЛА. БИР ТУУГАНЫБЫЗДЫН КАНЫН ТӨГҮП, ӨЛҮГҮН ЖАШЫРЫП САЛГАНДАН ЭМНЕ ПАЙДА?
АНДАН КӨРӨ ЖҮРГҮЛӨ, АНЫ ЫСМАЙЫЛ УУЛДАРЫНА САТЫП ЖИБЕРЕЛИ!


КУЛДУ АЗЫР ЖЫЙЫРМА КҮМҮШ ДИЛДЕГЕ САТЫП АЛСА БОЛОТ.
АНДА АЛ СИЛЕРДИКИ. ИШИ КЫЛЫП АНЫ ЭКИНЧИ ЖОЛУ КӨРБӨСӨК ЭЛЕ БОЛДУ!
ТҮШ КӨРГҮЧ, ЖАКШЫ БАР!
БАРДЫК ТҮШТӨРҮҢ ИШКЕ АШСЫН!
ХА ХА ХА
ЖҮЙҮТ, БАЛА КАЙДА?
СЕН КЕЧИГИП КАЛДЫҢ. БИЗ АНЫ КУЛДУККА САТЫП ЖИБЕРДИК!
УШУНДА Й ПЛАН БОЛЧУ…
БИЗ МУНУ ТААП АЛДЫК, КАРАСАҢ, БУЛ КИЙИМ УУЛУҢДУКУ ЭМЕСПИ?
АААА!! БУЛ – УУЛУМДУН КИЙИМИ. АЛ ЖЫРТКЫЧКА ЖЕМ БОЛУПТУР, АНЫ ЖЫРТКЫЧ ЖАРА ТАРТЫП КЕТКЕН ТУРБАЙБЫ.
БИРОК СЕНИН БАШКА ДАГЫ БАЛДАРЫҢ, МУРАСКЕРЛЕРИҢ БАР ДА.
ЖОК! МЕН ЭМИ ӨЛГӨНДӨР ЖАТКАН ЖАЙГА, УУЛУМА БАРГАНЧА КАЙГЫРЫП ӨТӨМ.
БАШТАЛЫШ 37:28 - 35



МИДИАНДЫКТАР БОЛСО АНЫ ФАРАОНДУН САРАЙ КЫЗМАТЧЫСЫ, САКЧЫЛАРДЫН БАШЧЫСЫ ПОТИПАРГА САТЫП ЖИБЕРИШТИ.
ТЕҢИР ЖУСУП МЕНЕН БОЛДУ. ПОТИПАР ИШТЕРИНДЕ ИЙГИЛИККЕ ЖЕТТИ.
ОШОНДО АЛ ЖУСУПТУ ӨЗ ҮЙҮНӨ БАШКАРУУЧУ КЫЛЫП КОЙДУ, ӨЗҮНҮН КОЛУНДАГЫСЫНЫН БААРЫН АГА ТАПШЫРДЫ. АНДАН ДА ӨСҮП-ГҮЛДӨДҮ.
МММ…
ЖАШ ЖИГИТ, КЕЛ МЕНИ МЕНЕН ЖАТ. СЕН БУЛ ТҮНДҮ ЭЧ КАЧАН УНУТПАЙСЫҢ.
МЫРЗАМ БОЛГОН НЕРСЕСИНИН БАРДЫГЫН МАГА ТАПШЫРДЫ. КАНТИП МЕН УШУНДАЙ ЖАМАН ИШТИ КЫЛЫП, КУДАЙ АЛДЫНДА КҮНӨӨГӨ БАТАМ?
АЛ АЯЛ ЖУСУПКА КҮН САЙЫН УШИНТИП АЙТА БЕРСЕ ДА, АЛ АНЫ МЕНЕН БИРГЕ БОЛУУГА МАКУЛ БОЛГОН ЖОК.
БАШТАЛЫШ 37:36; 39:1-10


БИР КҮНҮ ҮЙДӨ ЭЧ КИМ ЖОК ЭКЕНИН КӨРГӨН МЫРЗАНЫН АЯЛЫ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨН ПАЙДАЛАНГЫСЫ КЕЛДИ…
АЗЫР БИЗ МАХАБАТТЫН ЖАЛЫНЫНА БИРГЕ БАТАБЫЗ. ТӨШӨККӨ КЕЛ!
ЖАРДАМГА! ЖАРДАМГА!
КАРАГЫЛАЧЫ, АЛ БИЗДИКИНЕ БУЛ ЭВРЕЙДИ БИЗДИ ШЫЛДЫҢДАТМАККА АЛЫП КЕЛИПТИР. АЛ МЕНИ МЕНЕН ЖАТКАНЫ КЕЛИПТИР, БИРОК МЕН КАТУУ КЫЙКЫРЫП ЖИБЕРДИМ. АЛ МЕНИН КЫЙКЫРГАНЫМДЫ УГУП, СЫРТКЫ КИЙИМИН КАЛТЫРЫП, СЫРТКА КАЧЫП ЧЫКТЫ.
АНЫ ПАДЫШАНЫН ТУТКУНДАРЫ ЖАТКАН ЗЫНДАНГА САЛДЫРГЫЛА.
ТЕЗИНЕН!


ЗЫНДАНДА ЖАТСА ДАГЫ ТЕҢИР ЖУСУП МЕНЕН БОЛДУ.
МЕН САГА ТАГЫЛГАН АЙЫПКА ИШЕНБЕЙМ. СЕН МУКТАЖ БОЛГОНДОР ҮЧҮН КАМ КӨРӨСҮҢ, ТАМАК БААРЫНА ЖЕТКИДЕЙ КЫЛЫП БӨЛҮШТҮРӨСҮҢ. ӨЗҮҢӨ АШЫКЧА ЭЧ НЕРСЕ АЛБАЙСЫҢ.
ОШОНДУКТАН, МЕН СЕНИ БАШКАРУУЧУ КЫЛАМ. МЕНИН АЛДЫМДА ГАНА ОТЧЕТ БЕРЕСИҢ.
ТЕҢИР ЖУСУП МЕНЕН БОЛУП, АЛ ЭМНЕ КЫЛБАСЫН, БАРДЫК ИШИНЕ ИЙГИЛИК БЕРИП ТУРДУ.
БАШТАЛЫШ 39:20-23


ФАРАОН САРАЙДАГЫ БАШКЫ ШАРАП СУНУУЧУСУ МЕНЕН БАШКЫ НАН СУНУУЧУСУНА АЧУУЛАНЫП, АЛАРДЫ ЗЫНДАНГА КАМАТЫП САЛДЫ.
МЫНДАЙ САСЫГАН ЖЕРДЕ КАНТИП ЧЫДАП ЖҮРӨСҮҢ?
МЕН КАЙСЫ ЖЕРДЕ ГАНА БОЛБОЮН ЫРААЗЫ БОЛГОНДУ ҮЙРӨНДҮМ. БУЛ ТЕҢИРИМДИН МАГА БЕРГЕН САБАГЫ.
КАЙСЫ ТЕҢИР? АЛ КИМ ГАНА БОЛБОСУН, АЛ БУЛ ЖЕРДЕГИЛЕРДИ УНУТТА КАЛТЫРГАН.
ХХРРРРРР!
АГГХХХХРР!
ЭМНЕ ҮЧҮН БҮГҮН МААНАЙЫҢАР ПАС?
БИЗ ТҮШ КӨРДҮК. ЧЕЧМЕЛЕП БЕРЕР КИШИ ЖОК.
ТҮШТҮ КУДАЙ ЧЕЧМЕЛЕЙТ ЭМЕСПИ? МАГА АЙТЫП БЕРГИЛЕЧИ




БАШТАЛЫШ 40:9-23




БАШТАЛЫШ 41:1-4, 8



МЕН ЭКИНЧИ ТҮШ КӨРДҮМ.
ТҮШҮМДӨ БИР САБАКТАН БАДЫРАЙГАН ЖАКШЫНАКАЙ ЖЕТИ БАШ БУУДАЙ ӨСҮП ЧЫКТЫ....
... АЛАРДАН КИЙИН ЧҮРҮШКӨН, ЧЫГЫШ ШАМАЛЫ КҮЙГҮЗҮП КЕТКЕН ЖЕТИ БАШ БУУДАЙ ӨСҮП ЧЫКТЫ. АНАН ЧҮРҮШКӨН БУУДАЙ БАШТАРЫ БАДЫРАЙГАН, ДАНДУУ ЖЕТИ БАШ БУУДАЙДЫ ЖЕП САЛДЫ.
УЛУУ ФАРАОНУМ, СИЗДИН ТҮШҮҢҮЗДҮ ЭЧ КИМИМБИЗ ЖОРУЙ АЛБАЙ ЖАТАБЫЗ.
БУЛ СЫР ЭЧ БИРИБИЗГЕ АЧЫЛГАН ЖОК.
БИРОК БУЛ ТҮШТӨР ЧЫНДЫК-- АЛАРДЫ БИРӨӨ МАГА ЖОРУП БЕРИШИ КЕРЕК. АНТПЕСЕ КУДАЙЛАР АЛ ТҮШТӨРДҮ МАГА ЖИБЕРБЕЙТ БОЛЧУ!
КҮНӨӨМДҮ АЗЫР ЭСТЕП ЖАТАМ.
МЕН ЗЫНДАНДА ЖАТКАНЫМДА ТҮШ КӨРҮП, АНЫ ЖАШ ЭВРЕЙ ЖИГИТ ЧЕЧМЕЛЕГЕН. АЛ КАНДАЙ АЙТСА, ДАЛ ОШОНДОЙ БОЛГОН ЭЛЕ.
АНДА АНЫ МАГА АЛЫП КЕЛГИЛЕ!






БАШТАЛЫШ 41:14-34




БАШТАЛЫШ 41:35-39




БАШТАЛЫШ 41:40-52


КАЛК АЧКАЧЫЛЫКТАН КЫЙНАЛЫП БОЗДОП АТАТ. ӨЛКӨНҮН СЫРТЫНДА ДА ЭЧ НЕРСЕ ЖОК.
ЖУСУПКА БАРГЫЛА, АЛ ЭМНЕ ДЕСЕ, ОШОНУ КЫЛГЫЛА!
АКЫРЫ МАГА БУУДАЙ БЕРИШТИ!
ЭМИ ҮЙ-БҮЛӨМДҮН КУРСАГЫ ТОК БОЛОТ.
БИР ҮЙ-БҮЛӨГӨ ЭКИ ГАНА СЕБЕТ ЧЕНЕЛИП БЕРИЛСИН.
МИСИРГЕ ЖУСУПТАН ЭГИН САТЫП АЛЫШ ҮЧҮН, МИСИРДЕН ЖАНА БАРДЫК ӨЛКӨЛӨРДӨН КЕЛИП ЖАТЫШТЫ, АНТКЕНИ АЧАРЧЫЛЫК БҮТ ЖЕР ЖҮЗҮНДӨ КҮЧӨП ТУРГАН ЭЛЕ.






БАШТАЛЫШ 42:1-7




БАШТАЛЫШ 42:6-17






БАШТАЛЫШ 42:18-24


САПЕНАТ-ПАНЕЙАХ АЛАРДЫН КАПТАРЫНА ЭГИН ТОЛТУРУП, ЖОЛГО ЖЕТЕРЛИК АЗЫК БЕРИШИН БУЙРУДУ.
ОШОНДОЙ ЭЛЕ, БУУДАЙ МЕНЕН КОШО АР БИРИНИН КАПТАРЫНА КҮМҮШТӨРҮН КАЙРА САЛЫП КОЙГУЛА.
АЛБЕТТЕ, МЫРЗАМ.
ТЕЗ—КЕЛГИЛЕ БУЛ ЖАККА!
КАРАСАҢАР, МЕНИН КҮМҮШҮМДҮ КАЙРА САЛЫП КОЮШУПТУР. МЫНА, АЛ МЕНИН КАБЫМДА ЭКЕН.
КУДАЙДЫН БИЗГЕ БУЛ ЭМНЕ КЫЛГАНЫ?


АЛ ЖЕРДИН БАШКАРУУЧУСУ ЗЕКИЙ СҮЙЛӨП, БИЗДИ ЧАЛГЫНЧЫ КАТАРЫ ЭСЕПТЕДИ.
БИЗДИН ЧЫНЧЫЛ АДАМ ЭКЕНИБИЗДИ ДАЛИЛДЕШ ҮЧҮН ШЫМОНДУ АГА КАЛТЫРЫП, КАЛГАНЫБЫЗ ЭГИНДИ АЛЫП, КЕТИШИБИЗДИ АЙТТЫ.
ИИЙ, МЕНИН КҮМҮШҮМ ДА КАПТЫН ИЧИНДЕ ЭКЕН.
МЕНИКИ ДА!
СИЛЕР МЕНИ БАЛДАРЫМДАН АЙРЫДЫҢАР. ЖУСУПТАН АЙРЫЛДЫМ, ШЫМОНДОН ДА АЙРЫЛДЫМ, ЭМИ БЕНЖЕМИНДИ АЛЫП КЕТКИҢЕР БАРБЫ!?
МУНУН БААРЫ МЕНИН БАШЫМА ТҮШКӨН МҮШКҮЛ!
ЭГЕРДЕ МЕН САГА БЕНЖЕМИНДИ АЛЫП КЕЛБЕСЕМ, ЭКИ УУЛУМДУ ӨЛТҮРҮП САЛ.
АНЫ МЕНИН КОЛУМА ТАПШЫР, МЕН АНЫ КАЙРА АЛЫП КЕЛЕМ.
УУЛУМ СИЛЕР МЕНЕН БАРБАЙТ.
ЭГЕРДЕ СИЛЕР БАРАТКАН ЖОЛДО БУЛ ДА КЫРСЫККА УЧУРАСА, АК БАСКАН БАШЫМА КАЙГЫ КОШУП, ӨЛГӨНДӨР ЖАТКАН ЖАЙГА ЖИБЕРЕСИҢЕР.




БАШТАЛЫШ 43:1-14





БАШТАЛЫШ 43:15-25




БАШТАЛЫШ 43:25-30


ДАСТОРКОНДУ ДАЯРДАГЫЛА.
МИСИРЛИКТЕР ҮЧҮН ЭВРЕЙЛЕР МЕНЕН БИРГЕ ОТУРУП ТАМАКТАНУУ ЖИЙИРКЕНИЧТҮҮ БОЛЧУ.
БИР ТУУГАНДАРДЫ ЖУСУПТУН АЛДЫНА УЛУУЛАТА ОТУРГУЗУШТУ, ОШОНДО БУЛ АДАМДАР ТАҢ КАЛЫП, БИРИ-БИРИН КАРАШТЫ.
КАРАСАҢАР, БЕНЖЕМИНГЕ БИЗДИКИНЕН БЕШ ЭСЕ КӨП ТАМАК ТАРТЫЛЫПТЫР!
БАШТАЛЫШ 43:31-34




БАШТАЛЫШ 44:1-8




БАШТАЛЫШ 44:9-13


СИЛЕРДИН ЭМНЕ КЫЛГАНЫҢАРДЫ МЕНДЕЙ АДАМ, СӨЗСҮЗ, БИЛИП КОЁРУН БИЛГЕН ЖОК БЕЛЕҢЕР?
ЭМНЕ ДЕМЕК ЭЛЕК? ЭМНЕ ДЕП АКТАНМАК ЭЛЕК?
КУЛУҢА КААРДАНБАСАҢ ЭКЕН, АНТКЕНИ СЕН ФАРАОНДАЙ ЭЛЕ АДАМСЫҢ, БИЗДИ УКЧУ.
"АТАҢАР ЖЕ БИР ТУУГАНЫҢАР БАРБЫ?" ДЕП СУРАБАДЫҢ БЕЛЕ.
БИЗДИН КАРЫГАН АТАБЫЗ ЖАНА АНЫН КАРЫГАНДА КӨРГӨН КЕНЖЕ УУЛУ БАР ДЕП ЖООП БЕРГЕНБИЗ.
АНЫН БИР ТУУГАНЫ ӨЛҮП, АЛ БИР ЭНЕДЕН ЖАЛГЫЗ КАЛДЫ. АНЫ АТАСЫ ЖАКШЫ КӨРӨТ.
СЕН БОЛСО БИЗГЕ: "АНЫ МАГА АЛЫП КЕЛГИЛЕ, МЕН КӨРӨЙҮН", – ДЕДИҢ.
НАН ТҮГӨНГӨНДӨ АТАБЫЗ БИЗДИ КАЙРА ЖИБЕРИП МЫНДАЙ ДЕГЕН:
"АЯЛЫМ МАГА ЭКИ УУЛ ТӨРӨП БЕРГЕНИН СИЛЕР БИЛЕСИҢЕР. БИРӨӨНӨН АЖЫРАДЫМ, ЖЫРТКЫЧКА ЧЫН ЭЛЕ ТАЛАНДЫ ГО ДЕДИМ. АНТКЕНИ МЕН АНЫ БҮГҮНКҮ КҮНГӨ ЧЕЙИН КӨРӨ ЭЛЕКМИН.
ЭМИ МУНУ ДА АЛСАҢАР, БУЛ ДА БИР КЫРСЫККА УЧУРАСА, КАРЫГАН КЕЗИМДЕ КАЙГЫГА САЛЫП, ӨЛГӨНДӨР ЖАТКАН ЖАЙГА ЖИБЕРЕСИҢЕР".
МЕН – КУЛУҢ БАЛА ҮЧҮН ЖООП БЕРҮҮ МИЛДЕТИН АЛГАМ.
ОШОНДУКТАН МЕН, КУЛУҢ, БУЛ БАЛАНЫН ОРДУНА САГА, МЫРЗАМА, КУЛ БОЛУП КАЛАЙЫН, БАЛА БОЛСО БИР ТУУГАНДАРЫ МЕНЕН КЕТЕ БЕРСИН.


МЕНИН ЖАНЫМДА ТУРГАН АДАМДАРДЫН БАРДЫГЫ ЧЫКСЫН!
УАА -ИИИИ!!
МЕН---МЕН СИЛЕРДИН БИР ТУУГАНЫҢАР ЖУСУПМУН …
… СИЛЕРДИН МИСИРГЕ САТЫП ЖИБЕРГЕН БИР ТУУГАНЫҢАРМЫН.
БУЛ МҮМКҮН ЭМЕС…
ЭМНЕЕЕ ДЕЙСИҢ…




БАШТАЛЫШ 45:5-14






БАШТАЛЫШ 45:16-24


ЖУСУП ТИРҮҮ ЭКЕН! ЖУСУП ТИРҮҮ!
БУЛ ЧЫНДЫК!
ЖУСУП ТИРҮҮ БОЛУП ЧЫКТЫ!
АЗЫР АЛ БҮТКҮЛ МИСИР ЖЕРИН БАШКАРЫП ТУРАТ!
ФАРАОНДОН КИЙИНКИ ЭЛЕ ЭКИНЧИ АДАМ ЭКЕН.
БУЛ МҮМКҮН ЭМЕС…
УУЛУҢ ТИРҮҮ ЭКЕН! БУЛ АРАБАЛАР СЕНИ МИСИР ЖЕРИНЕ АЛЫП КЕТИШ ҮЧҮН ЖИБЕРИЛДИ.
МЕНИН УУЛУМ ЖУСУП ТИРҮҮ… …КӨЗҮМ ӨТӨ ЭЛЕГИНДЕ БАРЫП, АНЫ КӨРҮП КАЛАЙЫН.
БАШТАЛЫШ 45:25-28






БАШТАЛЫШ 46:1-27




БАШТАЛЫШ 46:28-34


МЕНИН БАШКЫ БАШКАРУУЧУМДУН БИР ТУУГАНДАРЫНЫН КЕСИБИ ЭМНЕ?
БИЗ МАЛЧЫБЫЗ.
АНДА БИЗДЕН АЛЫС ГОШЕН ЖЕРИНДЕ ЖАШАЙСЫҢАР.
САПЕНАТ-ПАНЕЙАХТЫН АТАСЫ, КАНЧА ЖАШКА КЕЛДИҢ?
ЖЕР БЕТИНДЕ КЕЛГИН БОЛУП ЖАШАГАНЫМА 130 ЖЫЛ БОЛДУ.
АТА-БАБАЛАРЫМДЫН ЖЕР БЕТИНДЕ КЕЛГИН БОЛУП ЖАШАГАН ЖАШЫНА ЖЕТКЕН ЖОКМУН, АЗ ЖАШАДЫМ, АЗАПТУУ КҮНДӨРДҮ ӨТКӨРДҮМ.
ЖАКЫП МИСИРДИН ПАДЫШАСЫ ФАРАОНГО БАТАСЫН БЕРДИ.
АНАН ФАРАОНДУКУНАН ЧЫКТЫ.
МЫНА АТАКЕ, МИСИРДИН ЖЕР СООРУСУ.
ОШОНДОЙ ЭЛЕ, МЕН БААРЫҢАРДЫ КЕРЕКТҮҮ АЗЫК-ТҮЛҮК МЕНЕН КАМСЫЗДАЙМ.




БАШТАЛЫШ 47:13-31


АТАҢ КАТУУ ООРУП ЖАТАТ.
ТЕЗИНЕН УУЛДАРЫМДЫ АЛЫП КЕЛ, АТАМА ЧОГУУ БАРАЛЫ.
САГА УУЛУҢ ЖУСУП КЕЛЕ ЖАТАТ.
МАГА КИРСИН.
КУДУРЕТТҮҮ КУДАЙ КАНААН ЖЕРИНДЕГИ ЛУЗДА МАГА КЕЛИП, БАТАСЫН БЕРГЕН.
КУДАЙ МАГА: “МЕН СЕНИ УКУМ-ТУКУМДУУ КЫЛАМ, СЕНДЕН КӨПТӨГӨН ЭЛДЕРДИ ЖАРАТАМ, БУЛ ЖЕРДИ СЕНИН ТУКУМУҢА ТҮБӨЛҮК ЭЭЛИК КЫЛУУГА БЕРЕМ”, – ДЕГЕН.
БУЛАР КИМДЕР?
БУЛАР МЕНИН УУЛДАРЫМ, БУЛАРДЫ КУДАЙ МАГА УШУЛ ЖЕРДЕН БЕРДИ.
АЛАРДЫ МАГА ЖАКЫН АЛЫП КЕЛЧИ, МЕН АЛАРГА БАТАМДЫ БЕРЕЙИН.
СЕНИН ЖҮЗҮҢДҮ КӨРӨМ ДЕП ҮМҮТТӨНГӨН ЭМЕС ЭЛЕМ, БИРОК КУДАЙ МАГА БАЛДАРЫҢДЫ ДА КӨРСӨТТҮ.




БАШТАЛЫШ 48:12-22


РУБЕЙИН, МЕНИН ТУНУМ! СЕН МЕНИН КҮЧ-КУБАТЫМСЫҢ. БИРОК ТУНГУЧТУГУҢДАН АЙРЫЛАСЫҢ. АНТКЕНИ АТАҢДЫН ЖАТКАН ЖЕРИНЕ КИРИП, ТӨШӨГҮН БУЛГАДЫҢ.
ШЫМОН МЕНЕН ЛЕБИ ЭКӨӨ БИР ТУУГАН, АЛАРДЫН КЫЛЫЧТАРЫ – КАТААЛДЫКТЫН КУРАЛДАРЫ. АЛАРДЫН АЧУУСУНА КАРГЫШ ТИЙСИН. АЛАРДЫ ЫСРАЙЫЛДЫН АРАСЫНА ЧАЧАМ.
ЖҮЙҮТ! СЕНИ БИР ТУУГАНДАРЫҢ КӨКӨЛӨТӨ МАКТАШАТ. КОЛУҢ ДУШМАНДАРЫҢДЫН МОЙНУНДА БОЛОТ. АТАҢДЫН УУЛДАРЫ САГА ТААЗИМ КЫЛЫШАТ.
ЗАБУЛУН ДЕҢИЗ ЖЭЭГИНДЕ, КЕМЕЛЕР ТОКТООЧУ ЖАЙДЫН ЖАНЫНДА ЖАШАЙТ.
ИСАХАР – ЭКИ СУУНУН ОРТОСУНДА ЖАТКАН КҮЧТҮҮ ЭШЕК. ЖҮК КӨТӨРҮҮ ҮЧҮН ИЙИНИН ТОСУП, САЛЫК ТӨЛӨӨ ҮЧҮН ЭМГЕК КЫЛА БАШТАДЫ.
ДАН ЫСРАЙЫЛДЫН БИР УРУУСУ КАТАРЫ ӨЗ ЭЛИНЕ КАЛЫСТЫК КЫЛАТ.
ГАТТЫ КАЛЫҢ ЭЛ КЫСЫМГА АЛАТ, БИРОК АЛ АНЫ АРТЫНАН КАЛБАЙ КУУП ЧЫГАРАТ.
АШЫРДЫН ТАМАК-АШЫ КЕНЕН БОЛОТ, АЛ ПАДЫШАНЫКЫНДАЙ ТАМАК ТААП КЕЛИП ТУРАТ.
НАПТАЛЫ – КЕЛИШИМДҮҮ ЖЕЙРЕН, ООЗУНАН ШИРИН СӨЗ ЧЫГАТ.
ЖУСУП – ЖЕМИШТҮҮ ДАРАКТЫН БУТАГЫ, БУЛАКТЫН ЖАНЫНДАГЫ ЖЕМИШТҮҮ ДАРАКТЫН БУТАГЫ. АНЫН ЖААСЫ КАТУУ БОЙДОН КАЛДЫ. ЖАКЫПТЫН КУДУРЕТТҮҮ КУДАЙЫ, ЫСРАЙЫЛДЫН КАЙТАРУУЧУСУ ЖАНА ТИРЕГИ КОЛДОГОНДУКТАН, АНЫН КОЛУНУН БУЛЧУҢДАРЫ БЕКЕМ.
БЕНЖЕМИН – ЖЫРТКЫЧ КАРЫШКЫР, ЭРТЕҢ МЕНЕН КАРАКТАГАНЫН ЖЕЙТ, КЕЧИНДЕ ОЛЖОСУН БӨЛҮШТҮРӨТ.
МЕН ЭМИ ӨЗ ЭЛИМЕ КОШУЛГАНЫ БАРА ЖАТАМ. МЕНИ ХЕТТИКТЕРДИН ЭПРОН ТАЛААСЫНДАГЫ ҮҢКҮРГӨ, АТА-БАБАЛАРЫМДЫН ЖАНЫНА КОЙГУЛА.
АЛ ЖЕРГЕ МЕН ЛЕЯНЫ КОЙГОМ.




БАШТАЛЫШ 50:1-21






БАШТАЛЫШ 50:22-26

"THE BIBLE EXPLAINED
IN EVERY LANGUAGE."








**SUPERBIBLE.TV**